# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

УДК: 39:398.22:371.036

## КАНЫКЕЙДИН САРАМЖАЛЫ - АЯЛЗАТЫНЫН ҮЛГҮСҮ

***Колдошев Мисирали Колдошович***
*педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,*
*Ош мамлекеттик университети,*
*723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Ленин, 330.*

## ЗАБОТЛИВОСТЬ И ОТЗЫВЧИВОСТЬ - ЛУЧШИЕ КАЧЕСТВА КАНЫКЕЯ

***Колдошев Мисирали Колдошович***
*кандидат педагогических наук, доцент,*
*Ошский государственный университет,*
*723500, Кыргызская Республика, г. Ош, Ленина, 330.*

## CARING AND RESPONSIVENESS - THE BEST QUALITIES OF KANYKEI

***Koldoshev Misirali Koldoshovich***
*candidate of pedagogical sciences, associate professor,*
*Osh State University,*
*723500, Kyrgyz Republic, city of Osh, Lenina, 330.*

**АННОТАЦИЯ**

Бул илимий макалада балбан Манастын сонун байбичеси Каныкейдин мыкты сапаттарынын бири – сарамжалы каралат. Каныкейдин сарамжалдуулук касиети Манас баатырдын жигиттеринин Чоң жортуулга даярдануу процессинде аларга арнап, чактап тиккен кийим-кечелеринде, жабдууларында, баатырдын аталаш тууганы “Көзкамандардын” алыскы “Жуушангыр” аталган жерден киндик каны тамган Ала-Тоо жергесине келгендеринде Каныкейдин аларга көрсөткөн камкордугу жана жапакечтиги даана көзгө урунат. Каныкей эң бышык материалды издеттирип таптырып, “кандагай” атыккан шымды мыкты балбан Кошой авасына атайын тиккен учуру, бул күтүүсүз белегине Кошой аябай кубанып, ыраазы болуп, Каныкейге жылуу каалоо-тилегин билгизип, анын көптөн бери арзуу, ниет кылып жүргөн уулдуу болуусуна жана ага Семетей деген ат коюп, ак тилегин айтып, батасын ыроолойт. Каныкей анын батасына абдан сүйүнүп, жүрөгү балкыйт жана Кошойдун батасынын кабыл болгону баяндалат.

**АННОТАЦИЯ**

В данной научной статье рассматриваются лучшие и отменные качества Каныкея, прекрасной женщины, жены богатыря Манаса, как заботливость и отзывчивость. Характеризуется, как она проявляла заботу, сшивая обмундирования воинам в процессе подготовки к Великому походу, когда вернулись «Козкаманы» - родня по линии отца Манаса, из далёкого поселения, называемого «Жуушангыр», на исконную землю – Ала-Тоо. Каныкей шила брюки, называемые «кандагай», из самого прочного материала для богатыря – борца Кошою, который был сильно тронут неожиданным для него подарком и тепло отблагодарил Каныкея, искренне благословил её, чтобы она родила сына и дала ему имя Семетей. Каныкей была очень рада, потому что впоследствии сбылось благословение Кошоя.

**ABSTRACT**

This research article examines the best and excellent qualities - caring and responsiveness of Kanykei, a beautiful woman, the wife of the hero Manas. It is characterized how she showed concern, sewing uniforms for the soldiers in the process of preparing for the Great Campaign, when the “Kozkamans” - relatives on the line of Manas’s father, returned from a distant settlement called “Zhuushangyr” to the ancestral land - Ala-Too. Kanykei sewed trousers called “kandagai" from the most durable material for the hero - the warrior Koshoi, who was greatly touched by an unexpected gift for him and warmly thanked Kanykei, sincerely blessed her to give birth to a son and give him the name Semetei. Kanykei was very happy because afterwards Koshoi’s blessing came true.

**Түйүндүү сөздөр:** сонун аял, чебер, Ата мекен, камкордук, салт, бата.
**Ключевые слова:** прекрасная женщина, рукоделие, родина, заботливость, традиция, благословение.
**Key words**: beautiful woman, handicrafts, homeland, caring, tradition, blessing.

Кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы - гениалдуу “Манас” эпосу элибиздин каада-салтын, үрп-адатын, социалдык түзүлүшүн, рухий баалуулуктарын чагылдыруу менен эчендеген кылымдарды карытып, муундан-муунга өтүп, оозеки түрдө сакталып келген. Ошол убактагы кыргыз элинин өткөндөгү тарыхын гана эмес, анын турмушунун, жашоо-тиричилигинин түрдүү жагын: этникалык курамын, чарбасын, күндөлүк тиричиликтин салт-санаасын , адеп-ахлагын,

эстетикалык табиятын, жүрүм-турумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттарын, диндик түшүнүгүн, астрономиялык, географиялык жана башка билимдерин кеңири чагылдырган. Ал мезгилдин каада-салттарын, үрп-адаттарын азыркы күнгө чейин колдонуп келе жатабыз. Айталы Манас бааатырдын төрөлүшү, анын балакатка жетиши, куда түшүү, калың берүү жөрөгөлөрүнөн баштап, адамды жерге берүүдөгү салттарды да колдонобуз.

Кыргызда нускалуу сөз айтылат эмеспи: "Күчтүү эркектин артында, күчтүү аял турат" - деген. Анын сыңары Манас баатырдын да төрт тарабы төп келишкен, сымбаттуу, акылдуу, кыраакы, колунан көөрү төгүлгөн ууз, мыкты жар гана болбостон, анын эң мыкты кеңешчиси да болгон. Каныкей эненин образы бүгүнкү күндүн адамын өзүнө кудум магнит сымал тартып, суктантып, таалим–тарбиялык уюткулуу сабак болуп тургансыйт.

Улуу манасчы Саякбай Каралаевдин айтуусунда:

" Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу.
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын баашасы", - деп таасын сүрөттөйт. [1, 518-б.]

Ошондой эле, эр Манастын атасы Жакып бай Каныкейди алгачкы ирет көргөндө:

" Санирабига кыз экен,
Сан сулуунун өзү экен.
Жылаа сүйлөп, шынк этип,
Акыл толгон кези экен", - деп мүнөздөп, [2, 417-б.], акылман сөздөрүн айткан.

Каныкей хандын кызы болгонуна карабай, жөнөкөй кийинип, акыл калчап иш тутуп, сарамжал болгон. Каныкей энебиздин асыл сапаттары жөнүндө кеп кылганда, Чоң жортуулга аттанаарда Манас баатырдын кырк чоросуна энебиз баштаган чеберлер бүт кийимдерди даярдап берүүсүнөн эле байкасак болот. Чоролордун кийимдерин тигүүдө, алардын бычылыштарын, өлчөмдөрүн дааналап билишип, такташып жана тигүү технологияларында чыныгы ууз экендерин көрсөтүшкөн жана жоокердин кийимдерин жылдын төрт мезгилдеринде кийүүгө ылайыктап жасашкан.

Залкар манасчы Жусуп Мамайдын варианты боюнча, Каныкей энебиз кыргыздын ыйык баш кийими болгон ак калпакты ойлоп тапкан деп айтылат. Андагы апапакай тоо сыяктуу, башка кийилгендеги, чокусуна кыпкызыл чок тагылып, астына капкара кең кыр салынып, кырк күн кийсең кыргагына кир жукпаган, тигишине бит турбаган, Анжияндын ак шайысын, Намангендин сурпун пайдаланып, кандагай менен каптап, тармал ириктин жүнүнөн төрт талаа кылып калпак тигип беришинин өзү энебиздин акылмандыгын айгинелейт.

"Сарамжал", "сарамжалдуулук" түшүнүктөрүнө сөздүктөрдө төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет.

**Сарамжал** 1. Тыкан, таза. 3. өт. Акылдуулук, баамчылдык. Жакшы экен келин Каныкей, Сарамжалын билгизди. ("Манас" С.О.) [5, 1074-б.]

**Сарамжалдуу** (о человеке) заботливый, аккуратный, хозяйственный. [8, 712-б.]

Каныкей эненин дагы бир мыкты өнөрү - анык дарыгерлик касиети да болгон. Айталы, Манас баатыр согуштан оор жарадар болуп калганда, Каныкей Муздактын башы Муз жайлоого көчүп, салкынга конуп, эр Шуутуну жиберип, Мысыр менен Багдаттан "үпү", "апы" деген дарыларды алдырып, Манастын шилисиндеги жаратына жаап, кырма кызыл дарыны ичинен берип эмдеп, сакайтат.

Саякбай Каралаевдин вариантында:

"Кайнатма кара дарыдан,
Баягы кайран катын Каныкей,
Жарасына салды эми,
Ал чириктин баарысын,
Кузгундатып тептирип,
Тышынан сууруп алды эми.
Кырма кызыл дарыны,
Жеңең ичинен баса берди эми,
Ошондо ооруган жери басылып,
Кабылан султан каныңдын,
Умачтай көзү ачылып,
Кубаттанып терденип...", - делип, [2, 226-б.], Манастын жарасынын жеңилдеши айтылат. Алмамбет катуу жараланган учурда да Каныкей ага даары берип, кайра урушка киргизет.

Ата-бабалардын "Бардык жигит кыз тандайт, бактылуу жигит уз тандайт" деген макалында нускалангандай, Каныкейдин сарамжалы, баамчылдыгы, парасаттуулугу жана уз-чеберчилик дарамети айтылуу Каркыра жайлоосунда өткөрүлгөн Көкөтөйдүн ашында дагы бир жолу таасын билинет. Кошой абабыз калмактардын Жолой дөө менен күрөшөөр алдында, Кошойго бир топ шымдар чак келбей, ошодо Каныкей тиккен шым кылт дей эске түшөт. Каныкей башынан эле калк атасы Кошойго арнап, жүргөн-тургандардан Кошойдун өлчөөсүн сураштырып, ага чактап тиккен шымына Кошой ыраазы болсо, анан чын жүрөгүнөн чыккан ак батасын берсе, Кошой абамдын батасы кабыл болуп, уулдуу болсок деп, көптөн бери ынтызарланып жүргөн болчу.

Алыс жана жакындан, төгөрөктүн төрт бурчунан, дүйнө элдери чакырылган ошол даңазалуу ашта Каныкейдин бул тилеги орундалат. Эпосто Каныкей эненин арзуу-тилектери төмөндөгүчө мүнөздөлөт:

Бабам Кошой кийсе – деп,
Бала үчүн жүрөм ынтызар,
Батасы мага тийсе – деп,
Арнап кылган абаңа,
Андай жөнүн айтпаган,
Аралаш жүргөн адамга. [4, 1548-б.]
Айткан экен Каныкей
Баатыр Кошой киер – деп,
Ыраазы болсо кызматка,
Бир байдасы тиер – деп,
Чактаган экен Кошойго.
Жүргөн менен тургандан,

Өлчөөсүн угуп ошого,
Мусулманга ата – деп,
Кызматка болсо ыраазы,
Келиним эркек туусун – деп,
Берер бекен бата – деп,
Ойлоп кылган шым экен. [4, 1549-б.]

Акжолтой келининин уз-чеберчилиги олуя Кошойдун купулуна толуп, көөдөнү көлдөй толкуп, Каныкейге аябай ыраазы болуп, алаканын жайып, кудай ак тилегибизди кабыл эткен болсо, келиним кыргызымдын намысына жараган мыкты азаматты төрөсүн, анын аты Семетей болсун! – деп, батасын ыроолойт:

“Тилекти берсе бир Алда,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун,
Атышканын алсын – деп,
Күрөшкөнүн чалсын – деп,
Катылышкан душманын
Өгөөлөсүн темирдей,
Акыры тууса эркеги
Аты болсун Семетей! [4, 1551-б.]

Өткөн бир замандарда сүргүнгө айдалып, алыскы Жуушаңгыр жергесин жердеп калган, кан Манастын атак-даңкын угуп, жакын туугандыгын билип, Ала-Тоого Манасты издеп келген Көзкамандардын окуясында Каныкей эненин сарамжалы жана кыраакылыгы даана көзгө урунат.

Манаска карата жары Каныкейдин: “Сен тууганымды таптың дегенсип, көөдөнүң толкуп, кубанычың койнуңа батпай, сүйүнүп турасың; көрөсүң, күндөрдүн биринде булардың сага душмандык кылат” - деген таризде эскертүүсүн уккусу келбей, “ Сен туугандарым менен менин мамилемди бузгуң келип жатат” - деп, кайра ага октолуп, Каныкейди катуу жемелей баштайт. Каныкей ийкемдүү, жапакеч жар экенин көрсөтүп, Кан Манастын койгон талабын эки кылбай, аларды зор камкордукка бөлөп, жардамын аябайт. Жашоосуна боз үйлөрдү тигип, аларга ыңгайлуу, жагымдуу шарт түзөт; үстүндөгү кийимдерин жаңылайт. Азык-түлүк менен камсыздайт. Ичип-жегенине тамак-аш, эгер жардам сурап келсе, ашыкчасы менен бергендиги баяндалат.

Жогоруда айтылгандардан төмөнкүдөй **корутундуга** келүү мүмкүн:

1. “ Аял жакшы - эр жакшы, увазир жакшы - хан жакшы”, “ Эрди эр кылган да аял, эрди жер караткан да аял”, - деп, кыргыз эл макалдарында нускалангандай, Манастын кандык улуу даражага жетишинде, майышпас баатырдыгында өмүрлүк жары Каныкей эненин өтөгөн эмгеги жана ээлеген орду өтө чоң экенин өзгөчө белгилөө маанилүү;

2. Каныкейдин бийик жана урунтуу адамдык сапаттарынын бири - сарамжалы. Анын кичинекей чактан тарта аң-сезиминде тереӊ уялаган тарбиялуулугунда, илим-билиминде, табиятынан дээрлүү, зээндүү, сергек, зирек жан экенинде десек болот;

3. Каныкейдей энелердин сарамжалынын нускалуу көрүнүштөрү эли-журтубузду тээ абалтан түптөп, ич ара камырдай жуурулуштуруп, ымалалаштырып, бириктирип келген. Анын “Ата салтын, эне адебин” жакшы, дааналап билгенинде жана жашоо-турмушунда башкаларга үлгү, өрнөк болгудай колдоно билгенинде деп ойлойбуз.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Манас: С. Каралаевдин варианты боюнча [Текст] / Түзгөндөр: А. Жайнакова, А. Акматалиев; Сөздүктү даярдаган А. Мамытов; Сүрөттөрү Т. Герцендики. – Б.: “ Тулпар”, 2010, - 1008 б. (На кыргызском языке).
2. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 1-китеп. [Текст] / Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Адабият жана искусство институту; Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков. – Б.: Кыргызстан, 1995. -448 б. (На кыргызском языке).
3. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 2-китеп. [Текст] / Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Адабият жана искусство институту; Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков. – Б.: Кыргызстан, 1995. -296 б. (На кыргызском языке).
4. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. [Текст] / С. Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз. С. Мусаев. –Б.: Хан-Теңир. -2010 б. (На кыргызском языке).
5. Кыргыз тилинин сөздүгү. –Б.: 2010. -1460 б.
6. Колдошев, М. Манас баатырга колукту болушкан аялдардын сапаттары жана касиеттери тууралуу / М. Колдошев // Материалы международной научно-практической конференции, посвящённой 215-летию видного общественного и политического деятеля Алымбек Датка Асан Бий уулу и 100-летию академика Муса Мырзапаязовича Адышева (27-28 ноября 2015 года). –Ош: Известия Ошского технологического университета, 2/2015. –Специальный выпуск. -176-180-бб.
7. Koldoshev, M.K., Bozhonov, Z.S. The peculiarity of the Kyrgyz people’s democracy in the course of the choosing Manas as a Khan / M.K. Koldoshev, Z.S. Bozhonov // Palarch’s Journal of Archaeology of Egypt/Egyptology, 17(7), (2020). -P. 5699-5703.
8. Кыргызча-орусча сөздүк: 40 000 слов / Под ред. К.К. Юдахина. –изд. 4-ое. - Б.: “Улуу Тоолор”, 2015. -1092 с.